**Эл аралык мамилелер факультетинин окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын**
**ПРОТОКОЛУ**

**6-октябрь, 2021-жыл №1 Ош шаары**

Төрайымы: С.С.Ибраимова
Катчысы: Г.М.Даниярова

**Катышкандар:** окумуштуулар кеңешинин15 мүчөсүнөн 13 мүчөсү катышты.

1. Ибраимова С.С.
2. Нурдинова К.Х.
3. Курбанбаев К.А.
4. Исаков К.А.
5. Азимова Ж.Ч.
6. Эркебаев Э.М.
7. Токоева Г.А.
8. Аматова Г.Р.
9. Раджапова Н.
10. Ташыбаева А.К.
11. Бердибек уулу Ч.
12. Сулайманова Г.Б.
13. Даниярова Г.М.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **2021-2022-окуу жылына карата окумуштуулар кеңешининиш-планын бекитүү жөнүндө окумуштуулар кеңешинин төрайымынын баяндамасы**
   Факультеттин деканы: С.С. Ибраимова
2. **Факультеттин бөлүмдөрүнүн иш-пландарын бекитүү жөнүндө; окуу-усулдук, илимий иштер, эл аралык байланыштар, тарбиялык иштер, кесиптик кошун, аялдар кеңеши, кафедралар жана жаштар комитети**

1. Илимий иштер боюнча декандын орун басары: Раджапова Н.
2. Эл аралык байланыштар боюнча координатор: Сулайманова Г.Б.
3. Тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары: Бердибек у. Ч.
4. Кесиптик кошундун торагасы: Эркебаев Э.М.
5. Аялдар кенешинин төрайымы: Эшматова К.М.
6. Эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы: Нурдинова К.Х.
7. Кесиптик чет тилдер кафедрасынын башчысы: Азимова Ж.Ч.
8. Философия жана политология кафедрасынын башчысы: Курбанбаев К.А.
9. Жаштар комитетинин төрайымы: Мирбек к.З.

**3. Факультеттеги даярдалып жаткан программалар үчүн инфраструктура, Билим берүүдөгү ресурстар менен камсыз болуусунун абалы жана проблемаларын чечүү жөнүндө окумуштуулар кеңешинин төрайымынын баяндамасы**
Факультеттин деканы: Ибраимова С.С.

**4. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Факультетте болгон структуралык өзгөрүүлөргө байланыштуу биз окумуштуулар кенешинин курамын кайрадан карап чыктык. Окумуштуулар кеңешинин жаңы курамы менен тааныштырып койсом. Бүгүнкү ОКнын 15 мүчөсүнөн 14 мүчөсү катышып жатат, кворум бар.Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан “макул”.

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга – 3-5 мин.,
жарыш сөзгө – 3 мин .
суроо - 1 мин.
«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

**1-маселе. 2021-2022-окуу жылына карата окумуштуулар кеңешининиш-планынбекитүү жөнүндө окумуштуулар кеңешинин төрайымынын баяндамасы**

**Угулду: окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу коллегалар! 2021-2022-окуу жылына карата окумуштуулар кеңешинин иш-планы менен таанышып чыгып, сунуштар болсо айтсаңыздар. Бул окуу жылында эл аралык мамилелер багыты боюнча магистратура аккредитациядан өтмөкчү. Биздин иш планыбызда 8 критерий боюнча айларга бөлүнүп каралмакчы.

**2. Факультеттинбөлүмдөрүнүниш-пландарынбекитүү жөнүндө; окуу-усулдук, илимийиштер, эл аралыкбайланыштар, кесиптиккошун, аялдаркеңеши, кафедраларжанажаштаркомитети**

Ар бир структура жетекчисииш-планы менентааныштырыпчыкты. (Иш-пландартиркелет).
**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар? Сунуштар болбосо кийинки маселеге өтсөк.

**3-маселе. Факультеттеги даярдалып жаткан программалар үчүн инфраструктура, билим берүүдөгү ресурстар менен камсыз болуусунун абалы жана проблемаларын чечүү жөнүндө окумуштуулар кеңешинин төрайымын баяндамасы**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, факультетибизде жалпысынан 16 окуу каанасы анын ичинде иран таануу борбору, компьютердик класс, 2 лингафондук кабинет, япон тили борбору жана англис тили кааналары бар. Андан сырткары 3 лекциялык зал бар. Негизинен тил борборлору элчилик тарабынан берилген жабдыктар жана эмеректер менен жасалгаланып, иш алып барууда. Былтыркы окуу жылда биз ректордун колдоосу менен 2 лингафондук кабинетти студенттердин тилдерди терендетип окуу максатында колдонууга бердик. Мындан сырткары китепкана да бар. Былтыркы окуу жылында 1,5 млн. сомдук китеп сатып алынып, колдонууга берилген. Кошумчалап кетсек биз быйыл венгриялык кесиптештерибиз менен байланышып, Венгер тили жана маданияты борборун ачканы жатабыз. 2 волонтер ушул жума келип калышат. БУУнун өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Алар да бир кабинетти жасалгалап берүүнүколдопжатышат. 4-этаждан 2 кабинет киноакадемияга берилди.
Бул маселе боюнча кимде кандай сунуш же суроо бар?

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨШТҮ: К.Х. Нурдинова:** Факультетибизде болуп жаткан жаңылыктар баарыбызды кубандырат. Мындан кийин да ушундай ийгиликтер болуп

турсун. Менин айтайын дегеним коридордо илинип турган стенддердеги сүрөттөр аябай начар абалда болуп турат. Ушулардын баарын жаңылап чыгышыбыз керек.

**4-маселе: Ар түрдүү маселелер.**
**4.1.530800-Эл аралык мамилелер** (магистр даражасы) даярдалуу программасынын "Элективдуу курстарынын каталогун (базасын)" бекитүү.

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынан 530800- Эл аралык мамилелер(магистр даражасы) даярдоо программасынын"Элективдик курстардын каталогун (базасын)" бекитүү боюнча сунуш түшкөн.

**4.2. Эл аралык мамилелер факультетинин кесиптик чет тилдер кафедрасынын башчысы кызматына шайлоо өткөрүү.**

**УГУЛДУ: С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Кесиптик чет тилдер кафедрасынын башчысы кызматына шайлоо боюнча бир сунуш келип түшкөн. Азимова Жамийла Чомоевна биздин факультетте көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Бул маселеге карата сунуш, пикириңиздерди билдирип койсоңуздар. Кимде кандай сунуш бар?

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР: К.А.Курбанбаев:** Шайлоо өткөрүү үчүн эсептөө комиссиясын шайлап алыш керек. Ар бир кафедрадан бирден окутуучуну бекитсек.

**Эсептөө комиссиясынын төрагасы: Эркебаев Э.М.**
Мүчөлөрү: Токоева Г. жана Бердибек у. Ч.

Кесиптик чет тилдер кафедрасынын башчысы кызматына Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан добуш берилип, 13 добуш менен шайланды.

**Күн тартибиндеги маселелерди** карап чыгып, факультеттин окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.1 2021-2022-окуу жылына карата окумуштуулар кеңешининиш-планы бекитилсин.
2.1 Факультеттин бөлүмдөрүнүн (окуу-усулдук, илимий иштер, эл аралык байланыштар, кесиптик кошун, аялдар кеңеши, кафедралар жана жаштар комитети) иш-пландары бекитилсин.
3.1 Кафедра башчылары берген сунуштар эске алынсын;
3.2 Алдыда аткарылчу иштер күчөтүлсүн жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө тиешелүү структура жетекчилерине жүктөлсүн.
4.1. **530800- Эл аралык мамилелер** (магистр даражасы) даярдоо программасынын "Элективдик курстардын каталогу (базасы)" бекитилсин.
4.2.1 Эл аралык мамилелер факультетинин кесиптик чет тилдер кафедрасынын башчысы кызматына Ж.Ч. Азимова шайлансын.
4.2.2 ОКнын чечими колдоо таап, ОшМУнун окумуштуулар кеңешинде бекитилсин.

**Төрайымы:** ДЕКАНАТ **С.С. Ибраимова**

**Катчысы:** **Г.М. Данниярова**